Жобо ИТЭИнин
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол № 23/11
29.06.2023-жыл

Бекитемин
ИТЭИнин ректору
т.и.к., доцент Барпыбаев Т.Р.
______________
___06.___ 2023-ж.

**ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУНУН (ИТЭИ) САБАКТАРДЫН ЖАДЫБАЛЫН ТҮЗҮҮ ЖАНА ИШТЕП ЧЫГУУ ТУУРАЛУУ ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо ИТЭИде сабактардын жадыбалын түзүү жана иштеп чыгуу боюнча тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн ишмердүүлүгүнүн тартибин жөнгө салуу менен окуу процессинин уюштурулушунун принциптерин аныктайт.
1.2. Жобону институттун бардык кызматкерлери жана студенттери аткарууга милдеттүү.

## 2. Максаты жана маселелери

2.1. Жобонун максаты жана маселелери болуп сабактардын жадыбалын түзүү эсептелет.
2.2. Сабактардын жадыбалы институттун жуманын күндөрү, багыттары, курстары, тайпалары жана аудиториялары боюнча окуу процессин жөнгө салуучу иш кагазы болуп эсептелет.
2.3. Сабактардын жадыбалы төмөнкү маселелерди чечет:
- окуу пландарынын жана жумушчу программалардын аткарылышын;
- студенттердин күн, жума аралыгында жана сессиялардын уюштурулушу менен жүрүшү учурунда оптималдуу жумуш режиминин түзүлүшүн;
- институттун профессордук-окутуучулар курамынын окуу жүктөмдөрүн аткаруу үчүн ыңгайлуу шарттардын түзүлүшүн;
- күн ичинде сабактардын үзгүлтүксүздүгүн камсыздоону жана жума ичинде окуу жүктөмдөрүнүн тең бөлүнүшүн;
- аудиториялык фондду эффективдүү колдонулушун;
- окуу процессинде оптималдуу түрдө окутуунун техникалык каражаттарынын колдонулушун.

2.4.Сабактардын жадыбалы окутуунун төмөнкү бөлүмдөрү боюнча түзүлөт:
- жогорку кесиптик билим берүүнүн күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө;

## 3. Сабактардын жадыбалын түзүүнүн жана корректирлөөнүн тартиби

3.1.Күндүзгү окуу бөлүмүнүн сабактарынын жадыбалы ар бир семестрге багыттын бекитилген жумушчу окуу планынын жана окуу графигинин негизинде түзүлөт. Сырттан окуу бөлүмү үчүн сессия маалында окуу прцоессинин графигине ылайык түзүлөт.
3.2.Сабактын жадыбалы күн ичинде окуу процессинин үзгүлтүксүздүгүн жана жума боюнча окуу жүктөмдөрүнүн тең бөлүнүшүн камсыздашы керек, кээ бир учурларда ишемби күнүн да камтышы мүмкүн.
3.3.Сабактардын жадыбалы окуу бөлүмүнүн инспектору тарабынан түзүлөт.

3.4.Сабактардын жадыбалын түзүүдө кээ бир окутуучулардын өтүнүчү эске алынышы керек (илимий, окуу-методикалык, тарбиялык иштерге байланыштуу, ошондой эле айкалыштыруучу окутуучулар үчүн).

3.5.Сабактардын жадыбалында көрсөтүлөт: сабактын регламенти, дисциплинанын аталышы, аудитория, окутуучунун аты-жөнү, кызматы.

3.6. Тайпалар подгруппага бөлүнгөндө, ар бир подгруппа үчүн аудитория менен окутуучу өзүнчө көрсөтүлөт.

3.7.Кийинки жуманын сабактарынын жадыбалы студенттерге 2-3 күн мурун жеткирилет.

3.8.Макулдашылган жана бекитилген сабактардын жадыбалы атайын тактайчага жана институттун сайтындагы “Сабактардын жадыбалы” бөлүмүнө жайгаштырылат.

3.9.Окутуучу тарабынан өз алдынча жадыбалдагы сабагын которууга тыюу салынат. Сабактардын жадыбалындагы өзгөрүүлөр окутуучунун арызына окуу бөлүмүнүн башчысынын макулдугу менен ректор тарабынан бекитилгенден кийин гана жүргүзүлөт. Күтүүсүз пайда болгон жагдайларда (окутуучунун үй-бүлөлүк шарты, ооруп калганда ж.б. учурларда) сабактардын жадыбалына башка окутуучу менен окуу бөлүмүнүн башчысынын макулдугу менен алмаштырылгандыгы тууралуу өзгөртүүлөр киргизилет.

3.10. Сабактардын жадыбал боюнча жүрүшүн окуу бөлүмүнүн инспекторлору күн сайын текшерет. Жадыбалды бузуунун фактылары аныкталган учурларда, ал окуу бөлүмүнүн инспекторлору тарабынан катталат дагы, окуу бөлүмүн башчысына маалымат берилет. Ал маалымат андан ары ректорго жеткирилет, анда талдоо жүргүзүлүп, тиешелүү чечим чыгарылат.

## 4. Сабактардын жадыбалын түзүүгө коюлган талаптар

4.1. Окутуучулардын жумуш жана студенттердин окуу убактысы төмөндөгүдөй пландалган:

- сабактардын башталышы **$8^{30}$**, аудиториялык сабактардын узактыгы – **1 академиялык саат** (*1 академиялык саат – 50мүнөт*). **2-3 сааттардын** жана **6-7 сааттардын** ортосундагы тыныгуулар – **10 мүнөттөн**, ал эми **4-5** сааттын ортосундагы тыныгуу **30 мүнөттү** түзөт.

4.2.Академиялык сааттын саны күндүзгү окуу бөлүмү үчүн бир күндө **8 сааттан** ашык коюлбашын эске алуу зарыл. Мында студенттердин милдеттүү аудиториялык сабагы жумасына **36 сааттан** көп эмес болушу керек.

4.3.Экзамендик сессия учурунда күндүзгү окуу бөлүмү үчүн тиешелүү дисциплиналардын консультацияларын да эске алуу зарыл.

4.4.Сырттан окуу бөлүмү үчүн окуу жүктөмү окуу жылына **200 сааттын** тегерегинде пландалат.

4.5.Сабактардын жадыбалын түзүүдө бир күндө бир эле сабактан лекцияны да, практикалык саатты коюу сунушталбайт. Себеби, студенттин өз алдынча ишке даярдануусун эске алуу керек.

4.6.Лекциялар эреже боюнча, жадыбалга окуу башталганда коюлат, ал эми лабораториялык жана практикалык (семинардык) сабактар лекциялардан кийин коюлат.

4.7.Жадыбалга күнүнө үч-төрт дисциплинанын сабагы гана коюлат.

4.8.Сабактардын жадыбалын түзүүдө окутуучулардын методикалык жана илимий иштерин да эске алуу зарыл.

4.9.Аудиториялык сабактардын баштылышы жана аягы институттагы берилген коңгуроонун регламентине дал келиши керек.

## 5. Сабактардын жадыбалын түзүү үчүн зарыл болгон иш кагаздарынын тизмеси

5.1.Бекитилген окуу процессинин графиги – 30-июнга чейин, аткаруучу – окуу бөлүмүнүн башчысы;

5.2.Каралган жана бекитилген жумушчу окуу пландары (жаңы окуу жылына карата) – *20*-майга чейин, аткаруучулар – окуу бөлүмүнүн башчысы, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, практика боюнча жооптуу;

5.3.Окуу жүктөмдөрүнүн бөлүнүшү – 20-августка чейин, аткаруучулар - түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, практика боюнча жооптуу;

5.4.Аудиториялык фонд тууралуу маалымат – 25-июнь жана 25-декабрга чейин, аткаруучулар - түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, окуу бөлүмүнүн инспектору;

5.5.Маалыматтарды берүүнүн тартиби, мөөнөтү жана формалары зарыл болгон учурларда ректордун, окуу бөлүмүнүн башчысынын жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчыларынын буйрутмалары менен аныкталат.

## 6. Көзөмөл жана жоопкерчилик

6.1.Жалпы сабактардын жадыбалынын түзүлүшүнө жана анын аткарылышына окуу бөлүмүнүн башчысы көзөмөлгө алат. Ошондой эле ал уюштуруу иштерин да жүргүзөт.

6.2.Окуу бөлүмү көзөмөлдөйт:

- окуу планы менен жумушчу окуу планын негизинде сабактардын түзүлүшүн;
- сабактардын башталышынын алдынан аудиториялык фонддун даярдыгын жана бөлүнүшүн;
- сабактардын жадыбал боюнча жүрүшүн;
- сабактардын убагында башталышын жана аякташын;
- жадыбал боюнча аудиториялардын сабактардын жүрүшүнө дал келишин.

6.3.Окуу бөлүмүнүн башчысы сабактардын жадыбалына макулдашылган өзгөртүүлөрдү киргизет, зарылчылыгы болгон учурда кошумча аудиторияларды бөлүштүрөт.

6.4.Институттун профессордук-окутуучулар курамы сабактардын талапка ылайык өтүлүшүнө толук жоопкерчилик тартышат.

Жобого тиешелүү кошумчалар менен өзгөртүлөр жогорку кесиптик билим берүү мекемелериндеги окуу процессинин уюштурулушун жөнгө салган Кыргыз Республикасынын укуктук-нормативдик актыларынын, институттун Уставынын негизинде киргизилет жана институттун ректору тарабынан бекитилет.